БЕКИТЕМ
Тоголок Молдо атындагы
№71 мектеп-интернатынын
директору
__________ Абдыкадыров Э.К

**Англис тили усулдук бирикмеси (УБ) жөнүндөгү жалпы**

**ЖОБО**

1. Жалпы жобо

1.1. Англис тили мектептеги усулдук бирикме жөнүндөгү жалпы жобо жана УБ мугалимдери тарабынан иштелип чыгат.
1.2. Усулдук бирикме англис тилин камтыйт;
1.3. Усулдук бирикменин мүчөлөрү билим берүү чөйрөсүндө сабак өткөн экиден кем эмес мугалимдерден түзүлөт.
1.4. Ишмердүүлүктүн негизги багыттары маани-маңызы, формасы,иштөө усулдук бирикменин мүчөлөрү билим берүү уюмдун максаттарына жана милдеттерине ылайыкталып бекитилет.
1.5. УБ нин жылдык планын иштеп чыгуу.
1.6. УБдеги предметтердин негизинде жаңы окуу жылына карата КРнын БББгы иштеп чыккан стандарттын талабына ылайык календардык-тематикалык пландары иштелип бекиттирилет.
1.7. Окуу программанын негизинде окуу китептери жана авторлору такталат.
1.8. Усулдук бирикме түздөн-түз билим берүү уюмунун директору жана директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарынын көрсөтмөсү менен түзүлөт, кайра уюштурулат, жоюлат.
1.9. Ишмердүүлүгү негизги багыттары, маани-маңызы, формасы, иштөө усулу билим берүү уюмунун милдеттери жана максаттарына ылайык формасы, иштөө усулу билим берүү уюмунун милдетерине жана максаттарына ылайык, анын мүчөлөрү аркылуу белгиленет жана башкалардан турган усулдук бирикмелер да түзүлүшү да мүмкүн.
1.10. Билим берүү уюмдарынын алдына коюлган милдеттерди комплекстүү чечүү зарылдагына жараша усулдук берикмелердин саны аныкталса усулдук, кеңештин чечими менен белгиленет жана билим берүү директорунун буйругу астында бекителет.
1.11. Билим берүү ишмердигинин жыйынтыгын предметтер боюнча анализдөө жана жыл ичинде 4 жолу отчётту директордун орун басары методистке тапшыруу.
1.12. Жыл ичинде мектептин ички планына ылайык УБнин жумалыгы өткөрүлөт.
1.13. Окуу базасын жакшыртуу (жаңы програмалык, класстарды, кабинеттерди, лабораторияларды жакшыртуу ж.б.у.с.)
1.14. Усулдук бирикменин ишмердигинде окуучулар англис тиглин экинчи тил катары окушуп, турмуштун ар кандай кырдаалдарында колдоно билишет. Англис тилинде туура жазууну, сүйлөөнү өздөштүрүшөт.
1.15. Насаатчыларды бекитүү, алар жаш мугалимдерге жана тажрыйбасы аз мугалимдерге жардам берүүсү уюштурулат.
1.16. Сабакта жана сабактардан тышкаркы иш-чараларды уюштуруу менен окуучуладын маалыматтык,социалдык-коммуникациялык,өз алдынча уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгүн артыруу.
1.17. Мугалимдер кесиптик чеберчилигин жогорулатуу,өзүн-өзү өнүктүрүү;

## Усулдук бирикменин максаттары:

2.1 Окуу –тарбия иштеринде, таанып билүү, инсандык сапаттарынын калыптанышына окуу тарбия процессин жогорку деңгээлде өткөрүү;
2.2 Окуучуларды ар кандай ыкмалар, чыгармачылык жол менен өз алдынча иштөөгө жол көрсөтүү;
2.3 Долбоорлор менен иштөөнү көрсөтүү;
2.4 Сабак берүүдө предмет аралык байланышты күчөтүү;
2.5 IT технологияларды кеңири колдонуу;
2.6 Ар түрдүү методикаларды колдонуу менен сабакты кызыктуу, жеткиликтүү, шыктандыруу менен өтүү;
2.7 Таланттуу жана окууну начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө;
2.8 Предметтик Олипиадаларга даярдоо;
2.9 Пизага багыттап,креативдүү,компетентүү сабак өтүү;
2.10 Сабакты жакшыртуу максатында усулдук бирикменин иштелип чыккан жылдык пландагы баардык иш-чараларды ишке ашыруу.
2.11 Мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоо;

## Усулдук бирикменин укуктары:

3.1.Окуу жылындагы мугалимдердин милдеттерди көтөрүп чыгуу жана мектеп ишмердүүлүгүнүн пландаштырууга катышуу;
3.2.Усулдук бирикменин мүчөлөрүнүн өз билимин өркүндөтүү курстан өтүүсүнүн камсыз кылуу жана талап кылуу.
3.3.Окуу методикасын жана окуу адабияттарын эркин тандап алуу;
3.4.Мектеп администрация тарабынан матириалдык техникалык жардам алууга укуктуу;

## Усулдук бирикменин милдеттери:

4.1.Педагогикалык ишмердүүлүгүн өз алдынча талдоо иштерин өздөштүрүү;
4.2.Усулдук бирикменин отурумдарын уюштуруу;
4.3.Окуу предметтеринин сабак берүүнү диагноздоо, чейрек сайын мониторинг жүргүзүп окуучуларды олимпиадага, илимий изилдөө ж.б. сынактарга катышуу мерчемдерин иштеп чыгуу;
4.4.Усулдук бирикменин курамындагы мугалимдер бири-биринин сабактарына катышып анализ берүүгө;
4.5.Тегерек столдорду,семинар,тренингдерди уюштуруу;
4.6.Жаш мугалимдерине насаатчы мугалимдерин дайындоо,аларга жардам,колдоо көрсөтүү;
4.7.Окуу планындагы өзгөртүүлөрдү УБде талкулоо,өзгөртүүлөргө жараша календардык план,олимпиадалык суроолорду,экзамендик билеттерди,пизанын негизинде тесттерди түзүү;
4.8. Долбоорлор менен иштөө;
4.9. Сабактардан жетишүүсү начар окуучулар менен иштөө планын УБнин ичинде талкулоо жана бекитүүгө сунуштоо;
4.10. Олимпиадага окуучуларды тандоо жана олимпиада үчүн кошумча сабактардын планын иштеп чыгуу;